6. Раманкулов, Ш. М. Философское осмысление темы детства в повести "Белый пароход" / Ш. М. Раманкулов, К. Е. Карымбаева // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2014. – № 2(29). – С. 147-150.

7. Шаззо, К. Г. Конфликт как форма отражения действительности ("Белый пароход" Ч. Айтматова) / К. Г. Шаззо // Вестник Майкопского государственного технологического университета. – 2012. – № 1. – С. 104-108.

УДК: 821.512.154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.564**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН СИМВОЛИЗМИНИН КӨРКӨМ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ: ЭЛДИК МУРАС МЕНЕН ГЛОБАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕРДИН СИНТЕЗИ («БИРИНЧИ МУГАЛИМ» ПОВЕСТИНИН НЕГИЗИНДЕ)

Сулайманова Мехринса Ибрахимовна - Филология илимдери боюнча философия доктору (PhD), Андижан мамлекеттик педагогикалык институту, Андижан, Өзбекстан, sulaymonovamexrinsa@gmail.com.ORCID: 0009-0005-1994-6386

СИМВОЛИЗМ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА: ХУДОЖЕСТВЕННО-ФИЛОСОФСКИЕ ОСОБЕННОСТИ — СИНТЕЗ НАРОДНОГО НАСЛЕДИЯ И ГЛОБАЛЬНЫХ ПРОБЛЕМ (НА МАТЕРИАЛЕ ПОВЕСТИ «ПЕРВЫЙ УЧИТЕЛЬ»)

Сулайманова Мехринса Ибрахимовна - Доктор философии (PhD) по филологическим наукам, Андижанский государственный педагогический институт, Андижан, Узбекистан
sulaymonovamexrinsa@gmail.com, ORCID: 0009-0005-1994-6386

CHINGIZ AITMATOV'S SYMBOLISM: ARTISTIC AND PHILOSOPHICAL FEATURES — A SYNTHESIS OF NATIONAL FOLK HERITAGE AND GLOBAL ISSUES (ON THE MATERIAL OF THE NOVELLA «THE FIRST TEACHER»)

Sulaymonova Mexrinsa Ibrakhimovna - Doctor of Philosophy (PhD) in Philological Sciences, Andijan State Pedagogical Institute, Andijan, Uzbekistan, sulaymonovamexrinsa@gmail.com ORCID: 0009-0005-1994-6386

Аннотация

Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасындагы символикалык образдар чыгарманын терең философиялык жана көркөмдүк катмарын ачып көрсөтөт. Айтматов кыргыз адабиятынын көрүнүктүү өкүлү катары, улуттук фольклордук элементтерди, мифологиялык мотивдерди жана символдорду колдонуу аркылуу адамзаттын универсалдуу проблемаларын – билим, сүйүү, коомдук өзгөрүү, жаратылыш менен адамдын байланышын чагылдырган. Анын чыгармалары кыргыз адабиятын дүйнөлүк деңгээлге чыгарган, анткени символизм улуттук идентүүлүктү сактоо менен бирге глобалдуу темаларды күчөтөт.

Бул макаладагы символикалык образдарды талдоонун актуалдуулугун тереңирээк карап көрсөк, ал бир нече аспектиде өз маанисин сактайт. Негизгиси, Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук идентүүлүктү калыптандырууда чоң роль ойнойт, ал эми символикалык образдар (мисалы, кош теректер, мектеп бөлмөсү, айыл пейзажы) аркылуу өткөндү жана келечекти байланыштырып, адамзаттын универсалдуу маселелерин ачып көрсөтөт. Бул талдоо жөн гана адабий изилдөө эмес, бүгүнкү күндө да коомдук мааниге ээ, анткени билим берүү кризис, гендердик теңчилик жана маданий мурасты сактоо сыяктуу глобалдык проблемалар менен резонанс жаратат.

Түйүндүү сөздөр: *архетип, образ, метафора, символизм, фольклордук элементтер.*

Аннотация

Символические образы в произведении Чингиза Айтматова «Первый учитель» раскрывают глубокие философские и художественные пласты повести. Айтматов, как выдающийся представитель киргизской литературы, через использование национальных фольклорных элементов, мифологических мотивов и символов отражает универсальные проблемы человечества – знание, любовь, общественные преобразования, связь человека с природой. Его произведения вывели киргизскую литературу на мировой уровень, поскольку символизм позволяет сохранять национальную идентичность, одновременно усиливая глобальные темы.

Актуальность анализа символических образов в этой статье сохраняет свою значимость по нескольким аспектам. Главное – творчество Айтматова играет огромную роль в формировании национальной идентичности, а символические образы (например, два тополя, классная комната, сельский пейзаж) связывают прошлое и будущее, раскрывая универсальные человеческие проблемы. Этот анализ – не просто литературное исследование, он обладает и сегодня общественной значимостью, поскольку резонирует с глобальными вызовами: кризисом образования, гендерным равенством, сохранением культурного наследия.

Ключевые слова: *архетип, образ, метафора, символизм, фольклорные элементы.*

Abstract

Symbolic images in Chingiz Aitmatov's novella «The First Teacher» reveal the deep philosophical and artistic layers of the work. Aitmatov, as an outstanding representative of Kyrgyz literature, reflects universal human problems – knowledge, love, social transformation, and the connection between humans and nature – through the use of national folkloric elements, mythological motifs, and symbols. His works elevated Kyrgyz literature to a global level, as symbolism enables the preservation of national identity while simultaneously amplifying universal themes.

The relevance of analyzing symbolic images in this article remains significant in several aspects. The main point is that Aitmatov's creative output plays a huge role in shaping national identity, while symbolic images (for example, the two poplars, the classroom, the rural landscape) connect the past and the future, unveiling universal human issues. This analysis is not merely a literary study; it holds public significance even today, as it resonates with global challenges: the crisis in education, gender equality, and the preservation of cultural heritage.

Keywords*: archetype, image, metaphor, symbolism, folkloric elements.*

Киришүү.

Чыңгыз Айтматов – кыргыз адабиятынын дүйнөлүк деңгээлдеги улуу жазуучусу, анын чыгармачылыгы терең символизмдин бай элементтери менен өзгөчөлөнөт. Айтматовдун символизми реализм менен тыгыз байланышта турат, бирок ал аркылуу жөн гана жашоону сүрөттөп тим болбостон, адам тагдырынын, коомдук өзгөрүүлөрдүн, экологиялык трагедиялардын жана улуттук идентүүлүктүн эң терең философиялык, нравалык жана руханий маанилерин ачып берет. Анын символдору чыгармада жөнөкөй сүрөттөө каражаты же кооздоо эмес – алар идеяларды күчтүү, көп катмарлуу түрдө чагылдырган, окурманды ойго салуучу, сезимге тийген күчтүү көркөм курал болуп эсептелет.

Изилдөөнүн методдору жана материалдары

Изилдөөнүн негизги материал катары Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалим» повести алынды. Кошумча материалдарга жазуучунун жалпы чыгармачылыгынын контексти, кыргыз фольклорунун элементтери (эпостор, жомоктор, уламыштар, Бугу эне, акылдуу кыз жана баатыр мотивдери), ошондой эле совет доорунун тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрү кирет.

Изилдөөдө тексттик анализ, символдук интерпретация (жеке, коомдук жана универсалдуу деңгээлдерде), салыштырмалуу-тарыхый ыкма (элдик архетиптерди заманбап контекст менен салыштыруу), фольклордук-мифологиялык талдоо жана философиялык-

социалдык интерпретация ыкмалары комплекстүү колдонулду. Бул изилдөө адабий-теориялык мүнөздө жүргүзүлүп, негизинен чыгарманын өз текстине жана анын ички логикасына таянды.

Негизги натыйжалар жана аларды талдоо

Жогорудагы ыкмалардын жардамы менен биринчиден, Айтматовдун чыгармаларындагы символдордун тамыры кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгына – эпосторго, жомокторго, уламыш-ырымдарга терең сиңгени аныкталды. Чыңгыз Айтматов бул байыркы архетиптерди жөн гана кайталап койбостон, аларды кыргыз коомунун реалдуу көйгөйлөрү менен тыгыз байланыштырып, заманбап контекстке ылайыкташтырган. Ошентип, элдик символдор жаңы мааниге ээ болуп, совет доорунун идеологиялык басымы, экологиялык кризистер, урпактар ортосундагы руханий ажырым сыяктуу актуалдуу маселелерди терең чагылдыруунун күчтүү каражатына айланган. Мисалы, Бугу эненин образы түздөн-түз кыргыздын тотемдик уламыштарындагы энелик, коргоочу рух менен үндөшөт. Байыркы түшүнүктө Бугу эне – уруунун түпкү энеси, жаратылыш менен адамдын ортосундагы ыйык байланыштын белгиси. Айтматов бул символду заманбап трагедияга айлантат: бугунун өлтүрүлүшү – улуттук иденттүүлүктүн, табият менен гармониянын жана балдардын кыял дүйнөсүнүн кыйрашынын метафорасы болуп калат.

«Биринчи мугалимдеги» Алтынайдын образы да ушундай эле жол менен жаңыланган сыяктуу. Кыргыз жомокторунда «акылдуу кыз» мотивдери көп кездешет. Алар адатта тагдырдын сыноолорунан өтүп, акыл-эси жана кайраттуулугу менен жеңишке жетет. Айтматов бул архетипти совет доорундагы аялдын билим алуу укугу, өзүн-өзү тастыктоо күрөшү менен толуктайт. Алтынай мектепке баргысы келгенде гана эмес, айылдагы надандардын каршылыгына туруштук бергенде да ошол байыркы «акылдуу кыздын» заманбап версиясына айланат. Демек, элдик мотив советтик реалдуулукта жаңыча дем алат.

Дүйшөн да эпостогу баатырлардын түз уландысы сыяктуу сезилет. «Манас» эпосундагы баатырлар сыяктуу эле ал жалгыз колу менен адилеттик үчүн күрөшөт. Бирок анын душманы байыркы жоо же желмогуз эмес – надандык, билимсиздик, моралдык деградация4. Ошондуктан Дүйшөн – эпостогу баатырдын совет доорундагы варианты: ал жеңет, анткени анын ниети калыс болгон. Айтматов байыркы баатырдык идеалды азыркы заман менен салыштырып, окурманды терең ойго салат.

Демек, Айтматов элдик символдорду жана архетиптерди жөн эле колдонбостон, аларды тарыхый өзгөрүүлөрдүн күзгүсүнө айлантат. Байыркы Бугу эне, акылдуу кыз, коргоочу баатыр – баары заманбап кыргыз коомунун оорулуу жерлерин ачыкка чыгаруу үчүн кызмат кылат. Ушундай жол менен элдик мурас өткөн менен келечектин ортосундагы көпүрө болуп, улуттук өзүн-өзү таануунун күчтүү куралына айланат.

Экинчиден, Айтматовдун символдорунун эң маанилүү өзгөчөлүгү – алардын көп катмарлуулугу, башкача айтканда, бир эле образ окуянын ар кыл деңгээлинде (жеке, коомдук, универсалдуу) бир убакта иштейт жана окурманга ар кыл бурчтан маани ачат. Бул касиет символду жөн гана көркөм каражат эмес, чыгарманын философиялык өзөгүнө айлантат.

Мисалы, «Биринчи мугалим» повестиндеги эски аткана-мектеп имараты дал ушундай көп маанилүү символ болуп саналат:

1. Жеке деңгээлде ал Дүйшөн үчүн жашоонун маңызы, анын бардык үмүтү жана сүйүүсү топтолгон жалгыз «үй-бүлө». Алтынай менен Дүйшөндүн мамилесинин өнүгүшү да ушул имаратта жүрөт: мектеп – алардын жакындыгынын, сырдашуусунун жана ажырашуусунун күбөсү. Дүйшөн мектепти оңдоп-түзөп жатканда өзүнүн ички дүйнөсүн да «куруп» жаткандай: мешти жаңылап, морду тазалап, терезеге айнек салган сайын өзүнүн жарадар жүрөгүнө жарык киргизип жатат.

2. Коомдук деңгээлде мектеп имараты совет доорунун билим саясатынын, айылды өзгөртүү жана аялдарды боштондукка чыгаруу компаниясынын түз символу. Эски аткана

[4] Коомдо жеке адамдын же элдик топтун маңызын жоготуу элдин өнүгүшүн төмөндөтүү жана мурунку калыбына кайта келүү мүмкүндүгүнөн айрылуу.

(салттуу коомдун, надандыктын, патриархалдык тартиптин калдыгы) жаңы мектепке айланышы – бул революциялык трансформациянын көрүнүштүү сүрөтү. Кыздардын тезек терип, мектепке отун ташып келүүсү, уялчаактык менен биринчи жолу босогодон атташы – коомдун өзгөрүшүнүн кичинекей, бирок таасирдүү деталдары.

3. Универсалдуу деңгээлде мектеп имараты – адамзаттын түбөлүк агартуучулукка, билимге, жарыкка умтулуусунун символу. Айтматов бул жерде кыргыз айылынын чакан окуясын бүткүл дүйнөлүк тарыхый процесске – надандык менен күрөш, адам укуктары, аялдардын теңдиги, келечек муундарды тарбиялоо темасына байланыштырат. Дүйшөндүн образы аркылуу Айтматов дүйнөнүн каалаган бурчундагы «биринчи мугалимдерди» – өз элинин келечеги үчүн өзүн курмандыкка чалган идеалисттерди даңазалайт.

Демек, бир эле мектеп имараты жеке тагдырдын, коомдук өзгөрүүнүн жана адамзаттын түбөлүк умтулуусунун кесилишкен жеринде турат. Бул үч деңгээл бири-бирин толуктап, бири-бирине күч берет да, символду терең жана түбөлүктүү кылат. Айтматовдун улуулугу да ушунда: ал кичинекей айыл мектебин бүткүл адамзаттын руханий тарыхынын метафорасына айланта алган.

Үчүнчүдөн, Айтматовдун чыгармачылыгында табият эч качан жөн гана фон эмес, ал өзүнчө тирүү каарман, адамдын ички абалынын күзгүсү жана коомдук-дүйнөлүк процесстердин метафорасы болуп чыгат. «Биринчи мугалим» повестинде табият элементтери өзгөчө так жана күчтүү символдор катары иштейт – алар Дүйшөндүн ички дүйнөсүн, анын күрөшүн жана үмүтүн чагылдырып, ошол эле учурда чоңураак тарыхый өзгөрүүлөрдү да билдирет.

Дөбө. Бул повесттин эң биринчи сүйлөмүнөн баштап эле пайда болгон күчтүү образ. Бул образ бир убакыттын өзүндө «бийиктиктин», «каршылыктын» ошону менен бирге, «күбөлүктүн» да символу болуп саналат. Мына ушул дөбөдө Алтынай бийиктикке, башкача айтканда билимге ээ болду, Дүйшөн менен бирге билим алууга болгон качалаган каршылыктарга каршы көрүштү, ошону менен бирге баштан кечирген жакшы-жаман күндөрүнө да мына ушул дөбө күбө болду.

Терек. Бул – повесттин эң назик, бирок эң терең символу. Дүйшөн менен Алтынай экөө отургузган бир эле терек мектептин алдында жылдан жылга өсүп, чоңоюп барат. Ал – өсүүнүн, келечектин, үмүттүн түз метафорасы. Терек Дүйшөндүн эмгегинин «тирүү күбөсү» катары сакталып калат. Ал ошол эле учурда Дүйшөн менен Алтынайдын сүйүүсүнүн да символу – сөз менен айтылбаган, бирок терең сезимдин жашыл жалбырагы. Терек өскөн сайын Дүйшөндүн иши өлбөс экени, эмгегинин текке кетпегени билинет. Бул жерде Айтматов кыргыз элинин «жакшыдан бак калат» деген байыркы акылмандыгын дүйнөлүк деңгээлге көтөрөт. Ошону менен бирге Алтынайдын жүрөгүндө жаңыдан пайда болгон наристе сүйүүсүнүн да символу экенин көрүшүбүз мүмкүн: «Менин боюм менен тең болгон жаш наристе кабыктуу көгүлтүр бай терекчелер, жанаша жерден орун алып тикелей калганда, адырдан жете келген жел бутак-бутагындагы жаыдан гана ачылган кичинекей жалбыректарын жан киргизгендей, желп эткизе биринчи жолу козгоп кетти».

«Менин боюм менен тең болгон жаш наристе..» аркылуу Алтынайдын ичинде пайда болгон наристе сүйүүсү терекчелер менен түздөн-түз салыштырылат. Жаңы жалбыректардын желге козголушу – бул биринчи сезимдин, сезимталдыктын, жүрөктүн ойгонушунун көркөм сүрөттөлүшү. Терек бул жерде жөн гана өсүмдүк эмес, жашоо күчү, үмүт, келечекке багытталган назик, бирок туруктуу сезим. Алтынай менен Дүйшөндүн мамилеси да ушундай: ачык айтылбаган, бирок терең, тамыры жерге бекем орногон сүйү катары сүрөттөлөт.

Ошентип, дөбө, терек бири-бирин толуктап, экөө бирдикте иштешет: дөбө – бийиктиктин, каршылыктын, күбөлүктүн, ал эми терек – үмүттүн, назик сезимдин символу. Алар аркылуу Айтматов адамдын ички дүйнөсү менен сырткы табияттын, жеке тагдыр менен тарыхый процесстин ажырагыс байланышын көрсөтөт. Табият бул жерде унчукпай турган күбө эмес, окуянын толук кандуу катышуучусу жана баалоочусу болуп чыгат.

Төртүнчүдөн, повесттеги символдор совет доорунун татаал өзгөрүүлөрүн, билим берүүнүн революциялык ролун жана салт менен жаңынын ортосундагы кескин кагылышты

терең чагылдырат. Дүйшөн курууга киришкен мектеп имараты – бул жөн гана курулуш эмес, ал совет бийлигинин көчмөн кыргыз коомчулугуна алып келген жаңы дүйнөнүн материалдык белгиси. Дөбөдөгү бул мектеп салттуу «жалпыга бирдей билимди» символдоштурат. Ошол эле учурда мектептин курулушу физикалык гана эмес, руханий да өзгөрүүнүн белгиси: Дүйшөндүн мектепти оңдогону кылымдар бою калыптанган көчмөн дүйнө тааным да «оңдолуп», жаңы идеологиянын пайдубалы түптөлөт.

Кагылыштын эң курч символу – Алтынайдын жеңесинин образы аркылуу берилет. Алтынайды уурдап кетүүгө аракет кылган жеңе – бул аялзаты эмес, кылымдар бою калыптанган патриархалдык салттын өзү. Анын «кызды зордоп алып кетүү» аракетинде байыркы адаттардын бардык күчү, коркунучу чогулган: ал мектепке келип, көздөрүндө ачуунун оту менен Алтынайды зөкүрдүн колуна тапшырат, сатып жиберет. Жеңенин образы аркылуу Айтматов салттын канчалык күчтүү, канчалык коркунучтуу жана ошол эле учурда канчалык алсыз экенин көрсөтөт.

Дүйшөндүн жеңиши болсо, жаңы доордун үстөмдүгүнүн символу катары берилет, бирок бул жеңиш таза, кынтыксыз эмес. Дүйшөн жеңет, мектеп курулат, Алтынай окуйт, Дүйшөн каалагандай академик болот. Айтматов ушул символдор аркылуу совет доорунун «жарык келечегине» карай жол канчалык татаал жана канчалык кайтарылгыс болгонун тымызын, бирок өтө таасирдүү көрсөтө алган.

Корутунду.

Айтматовдун символизми «Биринчи мугалим» повестинде элдик мурасты заманбап реалдуулук менен айкалыштырып, көп катмарлуу маанилерди жаратат. Символдор реалисттик окуяны байытып, терең философиялык, социалдык жана улуттук маанилерди ачат. Айтматов элдик архетиптерди, табият элементтерин (дөбө, терек) жана коомдук образдарды (мектеп, жеңе) колдонуп, кыргыз коомунун оорулуу жерлерин ачыкка чыгарат жана улуттук өзүн-өзү тааануунун күчтүү куралына айлантат. Бул ыкма анын чыгармачылыгын дүйнөлүк деңгээлдеги улуулукка көтөргөн.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Айтматов Ч. Биринчи мугалим: Повесть - Б.,2024. - 68 б.
2. Алимбеков А. XX кылымга чейин кыргыз коомундагы билим берүүнүн айрым аспекттери. Вестник Ошского государственного педагогического университета имена А.Мырсабекова. Том: 2. Номер: 2 (26) Год: 2025.
3. Билбаева Г.Ж., Садыков А. «Биринчи мугалим» («кош терек» сыры) Наука и новые технологии, № 5-6. 4б.
4. Матисманова А.У. Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестинде элдик педагогиканын чагылдырылышы. Вестник Ошского государственного педагогического университета имена А.Мырсабекова. Том: 2. Номер: 2 (26) Год: 2025.
5. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%91%D0%B8%D1%80%D0%B8%D0%BD%D1%87%D0%B8_%D0%BC%D1%83%D0%B3%D0%B0%D0%BB%D0%B8%D0%BC